**БАЛДАРЫН ЖАКШЫ КӨРГӨН АТА-ЭНЕЛЕР УШУНУ БИЛҮҮГӨ ТИЙИШ!**

Өз балаңыздын, өзүн жакшы сезишине көңүл буруңуз, жүрүш-турушундагы өзгөрүүлөрдү этибарга албай койбоңуз, алардын даттанууларын угуңуз. Сиз өз балдарыңыз үчүн жооптуусуз жана медициналык жардам алуу үчүн өз убагында кайрылуу – ийгиликтин өбөлгөсү болоорун ар дайым эсте сактаңыз.

## 0 ЖАШТАН 18 ЖАШКА ЧЕЙИНКИ БАЛДАР РАК МЕНЕН ООРУШАТ

Рак өз убагында аныкталса – бул дартты айыктырууга болот.



Онкологиялык дарттардын белгилери, айрыкча баштапкы стадияларында анча билинбейт. Ата-энелер бардык зыяндуу сапаттагы шишиктер үчүн «шишиктердин симптомдук комплекси» деп аталган комплекс мүнөздүү болооруна көңүл буруугa тийиш, ал төмөндөгүдөй белгилерге ээ болот:

- суук тийүү белгилери жок туруп эле дененин температурасынын абдан жогорулашынын кайталанышы;
- жалпы алсыздыгы, арыктыгы, табитинин туруктуу төмөндөшү;
- сөөктөрүнүн оорушу;
- ичинин көөп кетиши;
- мезгил-мезгили менен ичинин оорушу;
- денесинин айрым жерлеринде шишиктин пайда болушу же деформацияланышы;
- бир же эки лимфо түйүндөрүнүн оорубастан эле узарып кетиши;
- мурдунан тез-тез кан агат;
- териси кер-сары тартып кетет;
- белгилүү бир себептерсиз эле анемия же арыктоо пайда болот.

**Көңүл буруп байкаган ата-энелерге баланын адаттагы жүрүш-турушундагы өзгөрүүлөр белгилүү болуп калат:**

- бала чыргоолонот;
- өзү абдан жакшы көргөн оюндарын да унутуп, адаттагыдай эмес, тез эле чарчап калат.

**«Help the Children-SKD» Коомдук Кайрымдуулук Фонду**

тел.: +996 (312) 905 178, www.deti.kg

Материал «Help the Children-SKD» Коомдук Кайрымдуулук Фондунун «Жашоо үчүн билим берүү» долбоорунун алкагында Кыргыз Республикасынын Калкты социалдык коргоо боюнча министрлиги, КР Саламаттык сактоо министрлигинин Эneликти жана балалыкты коргоо улуттук борборунун балдар гематологиясы бөлүмүнүн врачтары жана Бүткүл Украиналык «Запорука» Кайрымдуулук фонду менен биргелешип даярдалган.